**«БЕКИТЕМИН»**

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин ректору, а.ч.и.к., Э.М.Найбагышов

______________________

30-октябрь 2023-жыл

Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» жана «Физика, математика жана информатика» кафедраларынын 2023-жылдын 23-октябрындагы кеңейтилген отурумунун №3 протоколунан

# К Ө Ч Ү Р М Ө

Нарын шаары                                                  23.10.2023 ж.

**Катышкандар:**

1. Султаналиева Ш.К – п.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы;
2. Сияев Т.М. – п.и.д., профессор;
3. Калдыбаев С.К – п.и.д., профессор;
4. Нурдинов М.С – а.ч.и.к., илимий иштер жана инвестиция тартуу боюнча проректору;
5. Жантаев А.С – ф.и.д., профессор;
6. Касымова Г.А – п.и.к., доценттин м.а.,
7. Бектурова Э.О – п.и.к., доцент;
8. Муңайтпасова Г.Ж – п.и.к., доцент;
9. Чекирова Г.Ж – п.и.к.,доцент;
10. Ажыбаев Д.М – п.и.к., доцент;
11. Бекежанов М.М – п.и.к., доцент;

12. Макеев А.К – п.и.к., доцент;
13. Эсеналиева Г.Ө. – т.и.к.,доцент;
14. Бейшеналиева У.У – п.и.к., доценттин м.а.,
15. Асанкулова М.К – ага окутуучу;
16. Өмүралиева М – ага окутуучу;
17. Сейдакматова Г.К – лаборант.

**Жыйындын төрайымы:** Ш.К.Султаналиева, п.и.к., доценттин м.а., педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы;

**Жыйындын катчысы:** Г.К.Сейдакматова

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

**1.** Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**2.** Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

**Диссертациялык иш** С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Калдыбаев С.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу бүгүнкү отурумду катышуучулары, Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты

катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулайбыз.

**Талкууга коюлган диссертациянын рецензенттери:**

Сияев Т.М – педагогика илимдеринин доктору, профессор;

Ажыбаев Д.М – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент;

**Жыйындын төрайымы:** диссертациянын негизги бөлүктөрүн тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичке берилет.

Изденүүчү Н.К. Омуров диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын баяндады.

**Жыйындын төрайымы:** изденүүчүгө мазмундуу бандамасы үчүн ырахмат. Катышуучуларда изденүүчүгө суроолор бар болсо,берсеңиздер.

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор Сияев Т.М:** Менде үч суроо бар: Сиздин изилдөөңүздө темаңызда “окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)” деп турат максатыңызда инженердик билим берүү программасы негизги болуш керек болчу?

Милдеттеринде дагы сөзсүз түрдө кошуш керек? Окутуунун натыйжасы качан аныкталат? Стандартта окутуунун натыйжасы көрсөтүлөбү?

**Изденүүчү:** *1-чи суроого жооп:* жогорку кесиптик билим берүүдө сапатты камсыз кылуу жана башкаруу боюнча теориялык изилдөөлөр жана топтолгон тажрыйбалар иликтөөгө алынды. “Билим берүүнүн сапаты” жана “сапатты башкаруу” түшүнүктөрү Болон системасына интеграциялануунун алкагында актуалдуу боло баштады. Жогорку кесиптик билим берүүдө сапаттуу кесип ээлерин даярдап чыгуу, алар аркылуу университеттердин конкуренттүүлүгүн камсыз кылуу,

мобилдүүлүктү күчөтүү жогорку окуу жайлардын башкы стратегиялык багыттарынан болуп калды.

Алыскы, жакынчы чет элдик жана ата мекендик окумуштуулар С.И. Архангельский, И.Б. Бекбоев, В.П. Беспалько, А.М. Мамытов, В.А. Сластенин, В.И. Байденко, Н.К. Дюшеева, Б.И. Исмаилов, А.К. Наркозиев, Л.П. Мирошиченко, Э.М. Коротков, Ю.А. Конаржевский, А.М. Мамытовдун, М.М. Поташник, Б.Т. Торобековдун, А.И. Субетто, Н.А. Селезнева ж.б. бул түшүнүктөрдүн маңызын изилдөөдө барандуу салым кошуп келишет. Жогорку билим берүүнүн сапаты боюнча иликтөөлөргө талдоо жүргүзүүдө көпчүлүк окумуштуулар “жогорку билим берүүнүн сапатын” эки аспектиде карай тургандыгы маалым болду:

Биринчи аспект катары билим берүү процессинин натыйжасынын сапаты каралат. Мында студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн билим деңгээлинин мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык келүүсү башкы фактор болуп эсептелет. Бул учурда эң маанилүү жыйынтык – бүтүрүүчүлөрдүн билими;

Экинчи аспет – бул, сапатты камсыз кылуу системасы. Мында билим берүүнүн мазмуну, кадрларды даярдоонун деңгээли, маалыматтык-методикалык жана материалдык-техникалык камсыздоо, билим берүү технологиялары, илимий ишмердүүлүк негизги фактор болуп саналат.

*2-чи суроого жооп:* жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды аныктоо жана аларды теориялык жактан негиздөө маселеси каралды. Изилдөөдө «окутуунун натыйжасы», «педагогикалык шарт» түшүнүктөрүн негиздөөгө арналган окумуштуулардын ой пикирлери талдоого алынды. «Окутуунун натыйжасы» азыркы күндө маанилүү түшүнүккө айланды.

Окутуунун натыйжасы окутуунун максаты, же билим берүүнүн максаты, өздөштүрүү деңгээлдери, окуучунун жетишкендиктерин баалоо түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан. Биринчиден, максаттын натыйжа менен тыгыз байланышы бар, натыйжаны сүрөттөбөстөн, аны чечмелөө

мүмкүн эмес. Максат так болушу керек, ошол эле учурда деңгээлдүү жана диагноздолууга мүмкүн болуусу зарыл. Окутуу максаттарын иерархиялык түзүлүш катары конкреттештирүү аракетинде америкалык психолог Б.Блум билүү; түшүнүү; колдонуу; анализ; синтез; баалоо таксономиясын сунуштаган. Экинчиден, советтик педагогиканын өкүлдөрү окутуунун максаты менен окутуунун мазмуну шарттуу түрдө байланышта экендигин эске алып, окутуунун максатын аныктоодо окуу материалынын белгилүү бир мазмунун өздөштүрүү менен байланыштырышкан. Окутуунун мазмуну билим алуучу өздөштүрө турган билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр, инсандык касиеттер, эмоциялык-баалуулуктар. Ушулар аркылуу окутуунун натыйжасы аныкталат жана булар өздөштүрүү деңгээли аркылуу ачыкталат. Үчүнчүдөн, окутуу максаты – окутуунун натыйжасы кандай болушу керек деген суроого жооп берет. Студенттердин билимине жана көндүмдөрүнө коюлуучу талаптар окуунун пландаштырылган натыйжаларын, студенттер кантип үйрөнүшү керек, ишмердүүлүктүн кандай түрлөрүндө белгилүү бир билим жана көндүмдөр көрүнүшү керек, окуучулар кандай сапаттарга ээ болушу керек – деген суроолорго жооп берилүүгө тийиш.

*3-чү суроого жооп:* азыркы педагогикада «билим берүү натыйжасы», «милдеттүү окутуунун натыйжасы», «билим берүү продуктусу» деген түшүнүктөр колдонулат. Ошентип, бүгүнкү күндө бизде бул түшүнүктү чечмелөө боюнча бирдиктүү көз караш жок. Ошол себептен, чет элдик адабияттарда, «окутуунун натыйжасы – окутуу процесси бүткөн соң студент эмнени билүүгө, түшүнүүгө же жасоого жөндөмдүү болорун билдирүүчү компетенциялардын топтомдору» деген жалпыланган аныктама кабыл алынган (С. Адам, Д. Кеннеди). Биздин изилдөөбүздө окутуунун натыйжасы – студент тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, алардын негизинде калыптанган интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр, социалдык маанилүү касиеттер (сапаттар, когнитивдик өз алдынчалык), курчап турган

реалдуулук менен эмоционалдык-баалуулук мамилелери катары кабыл алынат (С.К. Калдыбаев, А.М. Мамытов).

**Айыл-чарба илимдеринин кандидаты М.С.Нурдинов:** Педагогикалык эксперимент кайсы окуу жайларда жүргүзүлдү. Эксперментиңизде канча студент катышты? Башка диссертацияда дагы ушул темаңызга байланыштуу диссертациялар барбы?

**Изденүүчү:** *1-чи суроо боюнча:* Экспериментти уюштуруунун максаты болуп окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо эсептелди. Педагогикалык экспериментти ийгиликтүү уюштуруу үчүн план иштелип чыкты. Коюлган милдеттерге ылайык, 2018-2022-жылдарда абалды аныктоочу, изденүүчү жана контролдук эксперименттер жүргүзүлдү.

<u>Абалды аныктоочу эксперимент</u> 2018-жылы өткөрүлдү. Мында Кыргызстандын айрым жогорку окуу жайларында (И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, М.Адышов атындагы Ош технологиялык университети жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети) билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча аткарылып жаткан иш-аракеттер, аны менен бирге Кыргызстандын айрым аккредитациялык агенттиктери тарабынан жүргүзүлүп жаткан иштер дагы талдоого алынды. Изилдөөгө жалпысынан аталган окуу жайларына 26 структуралык бөлүктөрүнүн жетекчилери (проректор, декан, кафедра башчылары, сапатты башкаруу системасынын башчылары ж.б.), 44 профессордук-окутуучулук курам, 128 студент катышты. Кыргызстандагы көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин ичинен Билим берүү сферасында сапатты гарантиялоо Агенттиги «Ednet» жана Билим берүү программаларын жана мекемелерди аккредитациялоо Агенттиги “АОПО” мекемелеринин сапатты камсыз кылуу ишмердүүлүктөрү анализденди.

Аталган жогорку окуу жайларында компетенциялар номиналдуу түрдө гана жумушчу программаларда орун алып калганын байкоого болот. Окутуу процессинде окутуучу бул компетенциялардын калыптануусуна

көңүл бурбайт. Аталган компетенциялардын калыптанышы белгисиз бойдон калат. Окутуунун максатын окутуучунун көз карашынан коюлат. Жумушчу программада билим алуучулар бул же тигил компетенцияларга ээ болушат деп айтылбастан, студент “билет”, “жасай алат”, “ээ болот” деген талаптарга жоопторду формулировкалашат. Студенттердин даярдыктарына коюлуучу талаптардын аткарылышын баалоочу, деңгээлдүү тапшырмалар жокко эсе.

*2-чи суроо боюнча:* Ч.У.Адамкулованын Формирование механизма организации управления развитием вуза в условиях модернизации сферы высшего образования: теория, методология, практика (на материалах Кыргызской Республики) Автореферады жана диссертациясы менен таанышкам.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.Ж.Муңайтпасова:** Шифр 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы болуп жатат да инженердик билим берүү программасынын мисалында деп көрсөтүп жатасыз эгер техник болсо педагогикалык билими болуш керек деген талап бар да ошол сыяктуу деген инженер педагог кандай компетентүүлүккө ээ болуш керек?

**Изденүүчү:** жеке пикиримде Германияда инженерди даярдаганда атайын талап бар 5-10 жыл деген опыт бар Ошондуктан мындан техниктер, инженердик педагогикалык компетенцияга ээ болуш керек. Предметтик, педагогикалык жана атайын адистиктер болуш керек.

**Ага окутуучу Асанкулова М.К.:** Блумдун таксономиясында берилген алты деңгээли боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыктыңыз беле?

**Изденүүчү:** максаттын натыйжа менен тыгыз байланышы бар, натыйжаны сүрөттөбөстөн, аны чечмелөө мүмкүн эмес. Максат так болушу керек, ошол эле учурда деңгээлдүү жана диагноздолууга мүмкүн болуусу зарыл. Окутуу максаттарын иерархиялык түзүлүш катары конкреттештирүү аракетинде америкалык психолог Б.Блум билүү; түшүнүү; колдонуу; анализ; синтез; баалоо таксономиясын сунуштаган.

Окутуу максаты – окутуунун натыйжасы кандай болушу керек деген суроого жооп берет. Студенттердин билимине жана көндүмдөрүнө коюлуучу талаптар окуунун пландаштырылган натыйжаларын, студенттер кантип үйрөнүшү керек, ишмердүүлүктүн кандай түрлөрүндө белгилүү бир билим жана көндүмдөр көрүнүшү керек, окуучулар кандай сапаттарга ээ болушу керек – деген суроолорго жооп берилүүгө тийиш.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу пландары жана негизги билим берүү программалары иштелип чыгат. Бул программаларда адистикке жараша компетенттүүлүктөрдүн мааниси чечмеленет. Анын негизинде ар бир окуу дисциплиналарынын окуу программалары түзүлөт жана мында дисциплиналар боюнча окуу натыйжалары иштелип чыгат.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.К. Макеев:** педагогикалык эксперимент дегенди кандай түшүнөсүз? Кайсы статистикалык ыкмалар менен эксперменттин жыйынтыгын чыгардыңыз эле?

**Изденүүчү:** авторефератта толук көрсөтүлүп турат. Экспериментти уюштуруунун максаты болуп окутуунун натыйжасын жакшыртуу аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын арттыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо эсептелди. Педагогикалык экспериментти ийгиликтүү уюштуруу үчүн план иштелип чыкты. Коюлган милдеттерге ылайык, 2018-2022-жылдарда абалды аныктоочу, изденүүчү жана контролдук эксперименттер жүргүзүлдү.

Иштелип чыккан моделдин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу аныктоо үчүн Э.Мамбетакунов жана А.В. Усова сунушташкан толуктук коэффициенти колдонулду:

$$К = \frac{1}{nN}(n_1N_1 + n_2N_2 + n_3N_3 + n_4N_4 + n_5N_5 + n_6N_6),$$

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ш.К. Султаналиева:** Сиздин илимий ишиңизде окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруунун негиздери жогорку кесиптик окуу

жайлары менен катар, баштапкы жана орто кесиптик окуу жайларынын окутуу процессинде методикалык колдонмо катары иштелип чыкты беле?

**Изденүүчү.:** илимий макалаларды чыгаргам буюрса аракет кылып чыгарам.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д.М.Ажыбаев:** менде үч суроо бар. Биринчиден, билим сапатынын көйгөйлөрүнүн бири окуу натыйжасынын эффективдүү жакшырылышы болуп келет, ошондуктан Нурлан Кубатовичтин изилдөө ишинин дагы уландысы болуш керек. Окутуунун натыйжалары аркылуу методикалык сунуштама иштелип чыкты деп турат бирок авторефераттан жана диссертациядан, чыгарылган эмгектерден көрө алган жокмун. Эксперимент боюнча үч ЖОЖдору катышыптыр алардын анализдерин Э. Мамбетакуновдун жана Усованын коэффициенти менен чыгалыптыр бирок так ачык айырмачылыктары көрсөтүлбөй калган? Моделдин эффективдүүлүгүн группа менен салыштыруу так көрсөтүү керек болчу?

**Изденүүчү:** *1-чи суроо боюнча:* Жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапатын башкаруу системасын жакшыртууга багытталган педагогикалык шарттарды аныктоо боюнча иликтөөлөр жүргүзүлдү. Мында "окутуунун натыйжасы" түшүнүгүнүн мааниси жана ролу чечмеленди. Окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталды: сапаттуу окуу материалдарын даярдоо; билим берүүнү санариптештирүү; билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо; билим берүүнү башкаруу системасын автоматташтыруу; окутуучунун квалификациясын жогорулатуу; окутуунун натыйжасына мониторинг жүргүзүү болуп саналат.

*2-чи суроо боюнча:* Окуу курстарынын мазмунуна структуралык логикалык анализ жүргүзүп, анын негизинде окуу курсу аяктагандан кийин студенттер аткара турган негизги түшүнүктөрдү – окутуунун натыйжасын аныктап алуу зарыл. Окутуунун натыйжасы чектелүү, жалпыланган түрдө болуусу зарыл.

Студенттердин билүү жана түшүнүү деңгээлдери, алар менен кошо колдонуу, анализ, синтез жана баалоо деңгээлдери жогорулаганы көрүнүп турат. Студенттер информатика боюнча өздөштүргөн окуу материалдарын чечмелеп айтып берүүгө, турмушта колдонууга, түшүнүктөргө анализ берүүгө жана аларды синтездөөгө, баа берүүгө үйрөнүштү. Бул студенттердин универсалдык, инструменталдык жана социалдык-инсандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга негиз түзүп берип атканы байкалат.

*3-чү суроо боюнча:* окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку окуу жайынын билим берүү сапатын башкаруу системасын жакшыртуунун моделин түзүү жана аны ишке ашыруунун жолдорун изилдөө маселеси каралды. Окутунун натыйжасы, билим берүүнүн сапатын башкаруу, моделдөө боюнча тиешелүү адабияттарды иликтөө жана тажрыйбаларды жалпылоо бизге, окутуунун натыйжасынын негизинде жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун моделин түзүүгө мүмкүндүк берди.

**Жыйындын төрайымы:** сөз илимий жетекчиси п.и.д., профессор С.К. Калдыбаевге берилет.

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.К. Калдыбаев:**

Урматтуу жыйындын катышуучулары! Окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу – университеттин ишмердүүлүгүндөгү берилген ченемдерге ылайык, билим берүүнүн сапатын долбоорлоо, камсыз кылуу жана өнүктүрүү процесстерин окутуунун натыйжасынын негизинде жүргүзүүгө багытталган иш-аракет катары каралат.

Жогорку кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжасы аркылуу билим сапатын башкаруунун педагогикалык шарттары сапаттуу окуу материалдарын даярдоо жана колдонуу, билим берүүнү санариптештирүү, билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо, билим берүүнү башкаруу системасын автоматташтыруу, үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатуу, окутуунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү компоненттерин камтыйт

Н.К. Омуровдун жактоого коюлуп жаткан диссертациясы актуалдуу маселеге арналган. Изденүүчү студенттердин арасында окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында кайтарым байланышын ишке ашырды жана анын натыйжалуулугун далилдей алды.

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында жүргүзүү тууралуу да илимий адабияттарга талкуу жүргүзүү менен катар, бул маселеде өз көз карашын бекемдеди. Илимий тиркемелер, сунуштар, теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөр менен түшүндүрүлгөн.

Изденүүчү Омуров Нурлан Кубатовичтин диссертациялык иши жетиштүү деңгээлде даярдалган. Эгерде кафедралардын бириктирилген жыйыны макул көрсө, бул сунушталган «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында” (Инженердик билим берүү программасынын мисалында) атту темада даярдалган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишти жактоого сунуштайм.

**Жыйындын төрайымы:** кийинки сөз диссертациялык иштин биринчи рецензенти, п.и.д., профессору Т.М.Сияевге берилет.

**Сияев Т.М.:** Н.К. Омуровдун кандидаттык диссертациясынын аты эле анын актуалдуулугун аныктап турат. Диссертация илимий стилде жазылып, андагы жыйынтыктар ишенимдүү методдорго таянуу менен алынган. Белгилей кетүүчү нерсе, азыркы педагогикада «билим берүү натыйжасы», «милдеттүү окутуунун натыйжасы», «билим берүү продуктусу» деген түшүнүктөр колдонулат. Ошентип, бүгүнкү күндө бизде бул түшүнүктү чечмелөө боюнча бирдиктүү көз караш жок. Ошол себептен, чет элдик адабияттарда, «окутуунун натыйжасы – окутуу процесси бүткөн соң студент эмнени билүүгө, түшүнүүгө же жасоого жөндөмдүү болорун билдирүүчү компетенциялардын топтомдору» деген жалпыланган аныктама кабыл алынган (С. Адам, Д. Кеннеди). Изилдөөдө

окутуунун натыйжасы – студент тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр, алардын негизинде калыптанган интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөр, социалдык маанилүү касиеттер (сапаттар, когнитивдик өз алдынчалык), курчап турган реалдуулук менен эмоционалдык-баалуулук мамилелери катары кабыл алынат (С.К. Калдыбаев, А.М. Мамытов).

Окутуунун натыйжасынын маанилүү касиети – бул анын окутуу процессинин бардык структуралык компоненттери менен, ошол эле учурда нормативдик документтер менен дагы байланышта экендиги.

Н.К. Омуровдун диссертациялык иши КРнын Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тууралуу жоболоруна ылайык иштелген. Ал 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын.

Бул сунуш жумуштун жалпы баасын төмөндөтпөйт, изилдөө 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы:** азыркы сөз диссертациялык иштин рецензенти, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Д.М.Ажыбаевге берилет.

**Ажыбаев Д.М.:** Урматтуу бүгүнкү кеңейтилген жыйындын катышуучулары! Изилдөө проблемасы боюнча илимий адабияттарды талдоонун жана жалпылоонун негизинде «билим берүүнүн сапаты», «билим берүүнүн сапатын башкаруу», «окутуунун натыйжасы» түшүнүктөрүнүн мазмуну такталды; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттары аныкталды; окутуунун натыйжасынын негизинде билим берүүнүн сапатын арттыруунун модели иштелип чыкты. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч

бөлүмдөн, бөлүмдөрдүн корутундуларынан, жалпы жыйынтыктан жана тиркемелерден турат. Библиографияда 163 булак адабияттарды камтыйт.

Бул жумушту изилдөө 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга шайкеш аткарылган. Диссертациялык иш жактоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы:** рецензенттердин сунуштарына жооп берүү үчүн сөз диссертантка берилет.

**Изденүүчү:** Диссертациялык иш менен терең таанышып чыккан доцент Д.М.Ажыбаевге жана педагогика илимдеринин доктору, профессор Т.М. Сияевге жана кеңейтилген кафедранын кеңешмесине чоң ыраазычылык билдирүү менен сунуштарды кабыл алабыз.

**Жыйындын төрайымы:** кийинки кезекти жарыш сөздөргө берели.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.Ж. Муңайтпасова өз сөзүндө теманын актуалдуулугун белгилеп студенттердин билим сапатынын эффективдүү жыйынтыгы боло тургандыгын баса белгиледи. Нурлан Кубатовичке ийгилик каалады.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.К.Чекирова бул диссертациялык иште анын теориялык жана практикалык баалуулугу окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруу деңгээлинин жогорку сапаты болорун баса белгиледи ийгилик.

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент. М.М. Бекежанов окутуунун натыйжалары аркылуу методикалык колдонмо иштелип чыкса абдан жакшы. Колдойм. Ийгилик.

Тарых илимдеринин кандидаты, Г.Ө. Эсеналиева билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык окуу пландары жана негизги билим берүү программалары иштелип чыгат. Бул программаларда адистикке жараша компетенттүүлүктөрдүн мааниси чечмеленүүсү окуу натыйжасында оң натыйжа берет. Колдойм, ийгилик.

Педагогика илмидеринин кандидаты, доценттин м.а. Г.А. Касымова Ийгилик каалап колдоорун билдирди.

Филология илимдеринин доктору, профессор А.С. Жантаев билим берүүнүн сапатын долбоорлоо, камсыз кылуу жана өнүктүрүү процесстерин окутуунун натыйжасынын негизинде жүргүзүүгө багытталган иш-аракет катары каралат жана жыйынтыктарынын тактыгын, ошондой эле педагогикалык ишмердигинин негиздүүлүгүн белгилеп өттү. Колдойм, ийгилик каалайм.

**Жыйындын төрайымы:** эмесе, диссертанттын жыйынтыктоочу пикирине кезек берели.

**Изденүүчү:** Урматтуу С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кафедраларынын бириктирилген жыйынынын төрайымы Султаналиева Шайыркүл Карыпбековна, профессор Сияев Таштанбек Моңолдорович, Ажыбаев Дүйшөн Мокешович урматтуу катышуучулар! Биринчиден, бардыгыңыздарга диссертациялык ишимди талкуулоого активдүү катышып бергениңиздер үчүн, ошондой эле баалуу ой-пикир, сунуштарыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдиргим келет. Диссертациялык кеңеште жактоого чейин сиздердин берген сунуштарыңызды эске алууга аракет кылам. Дагы бир жолу чоң рахмат.

**Жыйындын төрайымы:** Жогоруда айтылгандарды эске алып кеңейтилген жыйналыш бул диссертациялык иш боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛОДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

I. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана алгачкы жыйынтыктары автор тарабынан Нарын мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын жыйынында, Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын илимий кеңешмелеринде билдирүүлөр жасалган. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары “Санариптик трансформациялоонун шартында билим берүүнү модернизациялоо” (2020-жыл, “Ала-Тоо” Эл аралык

университети), "Горизонты и риски развития образования в условиях системных изменений и цифровизации» (2020-жыл, Москва) аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий докладдар катары талкууланган.

II. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тактыгы изилдөөнүн предмети жана милдеттерине, статистикалык берилгендери боюнча жыйынтыктар математикалык методдор менен жогорку окуу жайынын окуу процессинде негизги жоболорго ылайык аткарылган.

III. Жыйынтыктар ар кандай деңгээлде: жогорку окуу жайларда, окуу методикалык иштелмелерде жана илимий макалалар аркылуу автор тарабынан аткарылган.

IV. Изилдөөнүн практикалык мааниси:

Бул изилдөөнүн окуу дисциплиналары боюнча окутуунун натыйжасын иштеп чыгуунун, анын далилдүүлүгүн аныктоого карата баалоочу инструментарийлерди түзүүнүн методикалык сунуштары иштелип чыкты; окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун педагогикалык шарттарын түзүү, моделди ишке ашыруунун жолдорун колдонуу жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүгө жардам берет. Автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар ар кандай типтеги окуу жайлардын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

V. Омуров Нурлан Кубатовичтин диссертациалык иши сапаттуу билим берүүдөгү актуалдуу маселелеринин бири болгон жыйынтыктар аркылуу бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатынын талап кылынган деңгээлин камсыз кылуу боюнча, аны менен катар, окутуунун натыйжасы аркылуу жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкарууну жакшыртуу тууралуу билгичтиктерин калыптандырууга арналгандыгы белгиленди.

VI. Изилдөөнүн максаты, объектиси жана предмети аркылуу автор милдеттерди коюу аркылуу изилдөөнүн натыйжасын алган.

VII. Диссертациялык иштин темасы Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин 2004-жыл 12-апрелиндеги № 4/4 протоколу менен бекитилип жана 2019-жылдын 16-январындагы №1/3 протоколу менен илимий иштин темасына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилген.

VIII. Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү макалаларда чагылдырылган:

1. Омуров Н.К. Организация контроля знаний студентов с использованием компьютеров. [Текст] / Д.М. Ажибаев, Н.К. Омуров // Наука и образование. – Бишкек 1999. – С.140-147.

2. Омуров Н.К. Кредитная технология обучения в Нарынском государственном университете. Болонский процесс и проблемы обеспечения качества высшего гуманитарного образования. [Текст] / А.А. Акматалиев, Т.М. Сияев, Н.К. Омуров. – Бишкек 2006. – С.214-220.

3. Омуров Н.К. Методические рекомендации по разработке электронного учебно-методического комплекса дисциплины для системы дистанционного обучения [Текст] / Н.К. Омуров, Н.Ж. Маданбеков, Т.Т. Саткыналиев. КГУСТА. – Бишкек, 2013.

4. Омуров Н.К. Анализ нормативных документов и исследований по подготовке к профессии будущих учителей в рамках компетентностного подхода [Текст] / Ж.А. Байтүгөлова, Н.К. Омуров // Вестник Нарынского государственного университета им. С. Нааматова. – Нарын, 2016. – № 2. – С. 81-85.

5. Омуров Н.К. Основные направления преобразования высшего образования в Кыргызской Республике. [Текст] / Н.К. Омуров. В сборнике статей: Состояние и перспективы системы качества образования в Кыргызской Республике. – Бишкек 2020. – С. 6-9.

6. Омуров Н.К. Теоретические основы совершенствования системы управления качеством образования в высших учебных заведениях Кыргызской Республики [Текст] / Н.К. Омуров // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек 2022. – №. 10. – С. 265-269.

7. Омуров Н.К. Развитие TQM системы управления качеством [Текст] / Н.К. Омуров // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек 2022. – № 10. – С. 270-273.

8. Омуров Н.К. Сапатты башкаруу теориясынын калыптанышы жана өнүгүшү [Текст] / Н.К. Омуров, С.К. Калдыбаев // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2022. – № 4. – С. 101-109.

9. Омуров Н.К. Билим берүү программаларын долбоорлоонун жана жүзөгө ашыруунун өз ара байланышы [Текст] / М.А. Алтыбаева, Н.К. Омуров, К.А. Сооронбаева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 2. – С. 46-57.

IX. Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында” (Инженердик билим берүү программасынын мисалында) аттуу диссертациялык иши кандидаттык диссертацияларга коюлуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берген изилдөө экендиги белгиленсин.

X. Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында” (Инженердик билим берүү программасынын мисалында) аттуу диссертациялык изилдөө 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн коргоого сунуш кылынсын.

**2-суроо: Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.**

Жыйындын төрайымы С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Педагогика,тарых жана окутуунун технологиялары»

кафедрасында аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.М. Бекежановго берди.

**Угулду: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Бекежанов М.М.** Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасы педагогикалык адабияттарды, илимий изилдөө жана анализдөө методдорун, жогорку окуу жайларында окутуунун натыйжасы аркылуу билим берүүнүн сапатын башкаруу, окуунун натыйжасына багытталган уюштуруучулук-педагогикалык шарттарды, «сапаттын кепилдиги» тууралуу түшүнүктөр камтылгандыгын айтып өттү.

**Талкууга катышты:**

**Педагогика илимдеринин доктору, профессор, Сияев Т.М.:** Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Мен кошумча программаны бекитүүнү сунуш кылам.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ажыбаев Д.М.:** иштелип чыккан программа диссертациянын темасы боюнча суроолордун бардык бөлүмдөрүн толук камтыйт. Мен бекитүүнү сунуштайм.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Бекежанов М.М.:** биздин бүгүнкү кеңейтилген кеңешмеде Н.К. Омуровдун диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өттү. Программа боюнча өз пикирин билдирген баяндамачыны, профессордук-

окутуучулар курамынын ой-пикирлерин, сунуштарын уктук. Нурлан Кубатовичтин, жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: "Макул" – бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасы **Омуров Нурлан Кубатовичтин «Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында (инженердик билим берүү программасынын мисалында)»** аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Омуров Нурлан Кубатовичтин диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.
2. Омуров Нурлан Кубатовичтин **«Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты катарында" (Инженердик билим берүү программасынын мисалында)** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациалык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тууралуу жоболоруна» толугу менен жооп берет деп эсептелсин. Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча коргоого сунушталсын.
3. Омуров Нурлан Кубатовичтин **«Окутуунун натыйжасы жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын башкаруунун каражаты**

**катарында" (Инженердик билим берүү программасынын мисалында)** темасындагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүнтарыхы адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы**, С. Нааматов атындагы НМУнун «Педагогика,тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин милдетин аткаруучу, Ш.К.Султаналиева

Жыйындын катчысы: Г.К. Сейдакматова

*Ш.К.Султаналиеванын жана катчы Г.К.Сейдакматованын кол тамгаларын тастыктайм:*

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Н.М.Бабаева

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.